## Системага баштапкы кирүү (кардарлар үчүн)

Фронт-офис кызматкерлери каттоодон өткөргөндөн кийин, системага кирүү логини берилет, пароль (купуя сакталуучу маалымат) каттоо учурунда көрсөтүлгөн телефон номерине жөнөтүлөт.

Алынган маалыматтарды (логин жана пароль) авторизациялоодон өтүү учурунда алдын ала көчүрүлүп алынган тиркемеге чагылдыруу зарыл:




Тиркеме менюсу, анда системага кирүү үчүн аларды чагыдлдыруу милдеттүү болбогон маалыматтар камтылат:

- ➢ Кирүү (башкы бетти ачат);
- ➢ Жаңылыктар;
- ➢ Валюта курстары;
- ➢ Банкоматтар жана кеңселер;
- ➢ Тиркеме тууралуу маалымат.

Тиркеменин тилин тандоо;

«Логин менен авторизация” Фронт-офис кызматкерлери тарабынан берилген логин чагылдырылуучу тилке;




Телефон номери боюнча жөнөтүлгөн пароль чагылдырылуучу тилке;




Авторизацияланган маалыматтар толтургандан кийин басыла турган белги (кнопка).

«Кирүү» белгисин баскандан кийин, тиркеме пароль алмаштырылуучу тилкени ачат:

- ➢ Учурда колдонулуп жаткан пароль – Айыл Банктан SMS аркылуу жөнөтүлгөн пароль;
- ➢ Жаңы пароль – Ойлоп табылган жана системага киргизилген пароль;
- ➢ Пароду кайталоо – Буга чейинки паролду кайрадан киргизүү.

Жаңы пароль маалымат коопсуздугу боюнча талаптарга жооп бербесе, «Форманы толтуруудагы ката» белгиси пайда болот, анда паролду белгилөө талаптары кылдат чагылдырылат:

- ❖ Пароль сандар, кичине жана чоң латын тамгалары, атайын символдор:

**! ” № ; % : ? * ( ) _ + # $ ^ &** камтышы зарыл. Мисалы: QwertY123% (аны колдонбоо сунушталат);

- ❖ Пароль эң аз дегенде 8 символдон турууга тийиш.

Төмөндө чагылдырылган сүрөттө баары ырааттуу көрсөтүлгөн.

Форманы толтурууда ката чыкты:

- Минимальная длина пароля - 8 символов.
- Пароль должен содержать цифры, строчные латинские буквы, заглавные латинские буквы, спецсимволы !"№;%:?*()_+#$^&.




Форманы толтурууда ката чыкты:

- Новые пароли не совпадают.

Бул ката «Паролду кайталоо» тилкеси туура эмес толтурулгандыгын билдирет.

Бардык тилкени толтургандан кийин «Улантуу» белгисин басуу талап кылынат. Система паролду өзгөртүп, логин менен паролду кайрадан киргизүү үчүн башкы бетти сунуштайт.

Тилкелер толтургандан кийин, «Ыкчам кирүү кодун талап кылуу» белгисин басуу зарыл (төмөндөгү сүрөттө көрсөтүлгөндөй).




Бардык баскыч сүрөттөгүдөй ырааты менен аткарылып (логин чагылдырылып), андан соң «Кирүү» баскычын басуу зарыл.
«PIN кодун киргизүү» баракчасы дароо ачылат, мында 4 белгиден турган кодду ойлонуштуруу талап кылынат.

Код киргизилгенден кийин баракча дароо жаңыртылып, «PIN кодду кайталоо» сунушталып, мурдагы кодду кайталоо талап кылынат.

Андан ары баракча жаңыртылып,  тиркеменин башкы баракчасында Айыл Банкта ачылган бардык эсептериңиз чагылдырылат.







*Мобилдик жабдууңуз Touch ID/Face ID сыяктуу функцияларды колдосо, анда  система ошол функцияны колдонуу мүмкүнчүлүгү каралган баракчага Сизди дароо багыттайт.*


13:05
LTE
Тиркемеге кирүү үчүн Face ID колдоносузбу?
Face ID колдонуу
Колдонбоо


11:53
LTE
АЙЫЛ БАНК
18
Бардык каражаттар
520.90 KGS
Жеке каражаттар
520.90 KGS
Башкы баракчада көрүнүш үчүн эч бир продуктуну тандай элексиз. Тандоо бөлүгүнө кирип каалаган учурда тандай алсаңыздар болот "Продукттар"
ТАНДАЛГАН ТӨЛӨМДӨР
Азырынча сиз каалаган төлөмдөрүңүз жок. Сиз төлөө же которуу түрүндө шаблон түзө аласыз

**Паролду калыбына келтирүү (кардарлар үчүн)**

Кардар паролдуу унутуп калган, туура эмес киргизген же авторизацияланган маалыматтар туура эмес экендиги тууралуу ката чыкса же болбосо авторизацияланган маалыматтарды киргизүү мүмкүнчүлүгү чектелгендигине байланыштуу убактылуу бөгөт коюлган болсо:







«Кирүү мүмкүнчүлүгүн калыбына келтирүү» баскычын басуу талап кылынат.




Баскандан кийин төмөмкүлөр чагылдырылган тизме камтылган баракча ачылат.



1. **Кардардын коду жана паспорт номери боюнча** – эгерде Сиз Банктын бөлүмүндө болсоңуз жана фронт-офис кызматкери Сизге Банктын АБСинде банк ичинде идентификациялык кодду сунуштаса. Паспорт номериңиздин сандары гана чагылдырылышы керек, эгерде паспортуңуз AN сериясында болсо, акыркы 4 санды (же толук 7 санды) киргизүүгө болот. Эгерде ID сериясында болсо, анда толук 7 санды киргизүү талап кылынат.

2. **Эсепт номери жана паспорт номери боюнча** – эгерде Сиз 1350............ менен башталган эсебиңизди жана паспорт номериңизди (сандарын гана, **AN жана ID чагылдыруунун зарылчылыгы жок**) билген болсоңуз, анда бул вариантты колдонууга болот. Паспортуңуз AN сериясында болсо, акыркы 4 санды (же толук 7 санды), ал эми паспортуңуз ID сериясында болсо, толук 7 санды чагылдырылуу зарыл.




3. **Карт номери жана паспорт номери боюнча** – бул вариант эң эле кеңири тараган ыкма. Карт номериңизди (колдонгон карт номерлерин) жана паспорт номериңиздин сандарын гана көрсөтүү зарыл. **AN жана ID киргизүүнүн кереги жок**. Паспортуңуз AN сериясында болсо, акыркы 4 санды (же толук 7 санды), ал эми паспортуңуз ID сериясында болсо, толук 7 санды чагылдырылуу талап кылынат.



Жогоруда көрсөтүлгөн үч ыкманын бирин тандап, талап кылынган маалыматтарды толтургандан кийин, “Улантуу” баскычын басуу зарыл.
Ошондон кийин гана каттоо учурунда көрсөтүлгөн телефон номериңизге ырастоо коду жөнөтүлүп, терезе ачылат.







Кодду киргизгенден кийин, баракча жаңыртылып,  маалыматтар чагылдырылган терезе пайда болот.




Бул учурда “ОК” баскычын басуу талап кылынат.

Авторизацияланган маалыматтарды чагылдыруу үчүн тиркеме баракчасы ачылат

**Андан ары системага кирүү ушул нускаманын талаптарын аткаруу зарыл!**